**Намаз окуганыңарда катарыңарды түздөп тургула, анан силердин бириңер намазда имам болсун. Ал имам: "Аллаху Акбар" - деп такбир айтса, анда силер да "Аллаху Акбар" деп такбир айткыла. Эгерде имам: «Гайрил магдууби алайхим уалад-дооооллиин" - деп айтса, анда силер: "Аамиин" - деп айтсаңар, Аллах Таала силерди жакшы көрөт. [Фатиха: 7] Эгерде имам такбир айтып рүкү кылса, анда силер да такбир айтып рүкү кылгыла. Анткени имам силерден алдын рүкү кылып, силерден алдын рукүдөн тик турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) : "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Эгерде имам: "Самиаллааху лиман хамидах" - десе, анда силер: "Аллахумма Раббана лакал хамду" - десеңер, Аллах силерди угуп турат. Анткени Аллах Таала Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили менен: "Самиьаллааху лиман хамидах, Аллах мактоо шүгүр айткандарды угат" - деген. Эгерде имам такбир айтып сажда кылса, анда силер да такбир айтып сажда кылгыла. Анткени имам силерден алдын сажда кылып, кайрадан саждадан турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси**

**(ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) : "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Имам каадага отурганда силердин биринчи айткан сөзүңөр: "Аттахиятут-тоййибаатус-салаваату Лиллахи. Ассаламу алайка аййухан набиййу уа рахматуллахи уа баракатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадиллахис-саалихиин. Ашхаду аллаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух" - сөзү болсун**

Хаттан бин Абдуллах Ар-Ракаши риваят кылган хадисте: "Мен Абу Муса аль-Ашари менен намаз окудум, ал каадада отурганда элден бир киши: "Намаз такыбалык жана зекет менен орундалган" - дейт. Абу Муса намазды бүтүрүп салам бергенден кийин аларга барып: "Силердин кимиңер мындай сөздү айтты?" – деди. Ошондо адамдар унчукпай турушту. Андан кийин кайра: "Силердин кимиңер тигиндей деген сөздү айтты?" - деди. Кайра эле адамдар унчукпай турушту". Андан кийин: "Балким, сен, Хаттан, ушинтип айткандырсың?" - деди. Хаттан: "Мен айткан жокмун, сен мени катуу урасын деп корктум" - деди. Ошондо элден бир киши: "Мен айттым, мен муну менен жакшылыкты гана кааладым" - деди. Ошондо Абу Муса айтты: "Намазда кантип айтууну билбейсиңерби? Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) хутбада бизге сүннөтүбүздү түшүндүрүп, намазыбызды үйрөтүп мындай деп айткан: «Намаз окуганыңарда катарыңарды түздөп тургула, анан силердин бириңер намазда имам болсун. Ал имам: "Аллаху Акбар" - деп такбир айтса, анда силер да "Аллаху Акбар" деп такбир айткыла. Эгерде имам: «Гайрил магдууби алайхим уалад-доооллиин" - деп айтса, анда силер: "Аамиин" - деп айтсаңар, Аллах Таала силерди жакшы көрөт. [Фатиха: 7] Эгерде имам такбир айтып рүкү кылса, анда силер да такбир айтып рүкү кылгыла. Анткени имам силерден алдын рүкү кылып, силерден алдын рукүдөн тик турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) : "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Эгерде имам: "Самиаллааху лиман хамидах" - десе, анда силер: "Аллахумма Раббана лакал хамду" - десеңер, Аллах силерди угуп турат. Анткени Аллах Таала Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили менен: "Самиьаллааху лиман хамидах, Аллах мактоо шүгүр айткандарды угат" - деген. Эгерде имам такбир айтып сажда кылса, анда силер да такбир айтып сажда кылгыла. Анткени имам силерден алдын сажда кылып, кайрадан саждадан турат. Ошондуктан Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) : "Тиги тигини ээрчийт" - деп айткан. Имам каадага отурганда силердин биринчи айткан сөзүңөр: "Аттахиятут-тоййибаатус-салаваату Лиллахи. Ассаламу алайка аййухан набиййу уа рахматуллахи уа баракатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадиллахис-саалихиин. Ашхаду аллаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа

расуулух" - сөзү болсун.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Сахаба Абу Муса аль-Ашари (Аллах андан ыраазы болсун) намаз окуп жатып ташаххуд айтып каадада отурганда анын артында намаз окугандардан бир киши: "Намаз Куранда такыбалык жана зекет менен салыштырылган" - деди. Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) намазын окуп бүткөндөн кийин, артында намаз окугандарга кайрылып: “Силердин кимиңер: “Намаз Куранда жакшылык жана зекет менен салыштырылган” - деген сөздү айтты?" - деп алардан сурады. Адамдар унчукпай калышты, алардан эч кимиси жооп берген жок. Ал суроону кайра аларга кайталаса да ага эч ким жооп бербеди. Ошондо Абу Муса (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: "Балким, Хаттан, сен айткандырсың!" - деди. Абу Мусага болгон тайманбастыгы жана жакындыгы жана аны менен болгон байланышы, анын дооматы Хаттанга зыян келтирбей тургандыгы үчүн жана иштин чыныгы жайын моюнга алууга түрткөндүктөн, Хаттан муну четке какты да мындай деди: "Мен айтты деп ойлоп, мени урушуп кетесиңби деп корктум". Мына ошол учурда элден бир киши: "Мен муну айттым, мен муну менен жакшылыктан башканы максат кылганым жок" - деди. Абу Муса ага үйрөтүү үчүн: "Намазда кантип айтууну билбейсиңерби?!" - деди. Абу Муса мындайды жактырбады. Андан кийин Абу Муса айтты: "Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бир жолу аларга хутба айтып, алардын шарияттарын түшүндүрүп жана аларга намаздарын үйрөтүп мындай деди: Намаз окуганыңарда катарды түздөп түз тургула. Анан алардын бири элге имамдык кылат. Эгерде имам такбиратул ихрамды (ачылыш такбирин) айтса, имам сыяктуу такбиратул ихрамды айткыла. Эгерде имам Фатиха сүрөөсүн окуп: "Гойриль магдууби алейхим уаладдоооллиин" - десе, анда силер: "Аамиин!" - деп айткыла. Эгерде силер ушундай кылсаңар, Аллах дубаңарды кабыл кылат. Эгерде имам такбир айтып рүкү кылса, анда силер да такбир айтып рүкү кылгыла. Имам сенден алдын рүкү кылат жана сенден алдын рүкүдөн турат. Андыктан имамдан ашып кетпегиле. Анткени имамдын рүкүдө сенден мурда кылган учуру сени бир аз рүкүнү кечирээк кылууга мажбурлайт. Ошондуктан ал учур ошол эле учур болот да сенин рүкүңдүн өлчөмү анын рүкүсүнүн өлчөмүнө тең келет. Эгерде имам: "Самиьаллаху лиман хамидах" - десе, анда силер: "Аллахумма Раббанаа лакал хамд" - деп айткыла. Намаз окуган адамдар ушинтип айтышса, Аллах Таала алардын дубасын жана сөздөрүн угуп турат. Анткени Аллах Таала Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тили менен: "Аллах мактоо-шүгүр айткандарды угат" - деген. Эгерде имам такбир айтып сажда кылса, анда артындагы адамдар да такбир айтып сажда кылышсын. Анткени имам алардан алдын сажда кылып, кайра алардан алдын саждадан турат. Ошондуктан ал учур ошол эле учур болот да алардын саждасынын өлчөмү имамдын саждасынын өлчөмүнө тең келет. Имам каадага отурганда намаз окуп жаткандардын биринчи айткан сөзү: "Аттахиятут-тоййибаатус-салаваату Лиллахи" болсун. Башкаруу, түбөлүктүүлүк жана улуулук баарысына Аллах гана татыктуу. Ошол сыяктуу эле беш убак намаздын баары Аллах үчүн гана болот. Ассаламу алайка аййухан набиййу уа рахматуллахи уа баракатух. Ассалааму алайна уа алаа ибаадиллахис-саалихиин. Ар бир кемчиликтен, балээден, жетишсиздиктен жана бузукулуктан сактоосун Аллахтан тилегиле. Жана Пайгамбарыбыз Мухаммадка (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) салам айтып, андан кийин өзүбүзгө салам айтабыз. Андан соң Аллах Тааланын акысын жана

Аллахтын пенделерине важиб болгон укуктарын аткарган Аллахтын салих пенделерине салам айтабыз. Андан соң: "Ашхаду аллаа илааха иллаллааху уа ашхаду анна Мухаммадан абдуху уа расуулух" - деп Аллахтан башка кудай жок экендигине күбөлүк беребиз жана Мухаммад Анын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк беребиз.

https://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/65097

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY

لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC
E-Da'wah Committee